# КЫРГЫЗ УРУУЛАРЫНЫН ЖАЙГАШУУ, ЭТНОГЕНЕЗ ЖАКТАН БӨЛҮНҮҮ МЕЗГИЛДЕРИ

**МУСТАФА КАЛКАН**
Кыргыз-Түрк «Манас» университети
Тарых кафедрасы

Кыргыз эли Борбордук Азияны байыртадан байырлап, бөлөк этносторго салыштырмалуу түпкүлүктүү тарыхы, кылым аралаган мамлекет куруу салты менен айырмаланат. Кыргыз уруулары Азиянын геосаясый биримдиги үчүн күрөшүп, Ханьдык Кытайга каршы кармашта гунндар менен баш кошуп, жалпы каган шайлап, арабөк калбоонун амалын көргөн. Кылым төтөлөгөн тарыхы бар бул элдин түрк түркүмүнө кирген скифтер менен жакындап, уруулук биримдикти кургандыгы байкалат. Кыргыз элинин мындай тамыры терең, орошон тарыхынын баштапкы баскычын андап – туюу анчалык кыйынга турбайт. Алар канчалык арылап, ат жалында жоо беттеген сайын тагдыры татаалдап, ар кайсыл аймакка сүрүлүп, жер которуп көчүүгө дуушар болгон. Булар, албетте, кыргыз элинин этногеографиялык биримдигине коркунуч туудурган, Азия элдеринен саны жагынан арбын күчтөр пайда болуп, кыргыздарды жазгы кардай эриткен. Кыргыздар жылдыздай чачырап, кээде баш көтөрүп биригип, кайрадан мамлекетин куруп жүрүп отурган.

Асыресе биздин изилдөөбүздө түрк мамлекеттерине каршы жасалган калаймандан улам күңкордук абалга жетип, кийин Монголия, Түндүк Кытайга батышка карай сүрүлгөн кыргыз урууларынын абалы, жер которуу көчүнүн жүрүшү тууралуу баяндалат. Баяндообузда ар кайсыл жерге ыктаган кыргыз урууларынын орун алган очокторун, жайгашкан жерлерин талдаган илимпоздордун илимий иштерине таянабыз. Адегенде кыргыздардын отурукташкан аймактары Гун каганаты менен бөлөк түрк мамлекеттеринин мезгилинде кайсы жерлерге жайгашкандыгына көз жүгүртөлү.

Кыргыздардын байыркы мекени жөнүндө илимий маалымат берген изилдөөчүлөр арасынан В. В. Радлов, Н. Я. Бичурин, Ч. Ч. Валиханов, Н. А. Аристов, А. И. Левшин, А. Н. Бернштам, С. В. Киселев, Л. Р. Кызласов, Ю. С. Худяков, К. И. Петров, А. К. Маргулан, А. Н. Кононов, С. Е. Малов, Б. Д. Жамгырчинов, С. М. Абрамзон, Ө. Караев, П. П. Семенов, Н. Л. Зеланд, Н. И. Гродеков, А. Вамбери, Г. Вамбери, А. А. Диваев, И. В. Мушкетов, А. Голубев, М. Венюков сыяктуу окумуштуулардын эмгектери өзгөчө айырмаланат. Алар ушул тема боюнча адис катары кыргыз тарыхынын Энесай жана Тянь—Шань аймагы менен байланышкан ар түрдүү пикирлерди айтышкан. Изилдөөчүлөрдүн кээ бири объективдүү критерийлерди колдонсо, айрымдары, өзгөчө, физик—антропологдор, археологдор, этнологдор сенек мезгилге мүнөздүү чындыкка сыйбаган көз караштьı коргогон ***(Аманжолов,1997:105).*** Кыргызстан эгемендик алган соң абал өзгөрдү. Профессор Т. Чоротегин, доценттер А. Мокеев, К. Табалдиев, Д. Сапаралиев сыяктуу бир канча кыргыз тарыхчылары эски идеологиялык өксүктөн арылган асыл иштерди жаратуу жагына киришти.

Кыргыз тарыхына байланыштуу бай маалыматты биз кытай кол жазмаларынан жолуктурабыз. Географиялык жактан жакындыгы кытай илимпоздоруна кыргыздар жөнүндө үзгүлтүксүз маалымат топтоого шарт түзгөн. Анан калса, кытайларды түндүк менен батыштан жасалчу тынымсыз жортуулдар кыргыздарды жөнжайын билүүгө мажбур кылган. Мунун натыйжасында ар башка династия жылнаамасында кыргыздардын тарыхы жана социалдык турмушу тууралу көптөгөн жазуулар мураска калган. Бирок бир мезгилде кыргыздар Энесай аймагындагы күчүн жоготуп, мекенин алмаштырып, Кытай чек арасынан алыстай берген. Ошого жараша кыргыздар тууралу маалыматтар кытай жазма булактарында азайып барган.

Кыргыздардын түрк элдери менен болгон айыгышкан күрөштөрдүн башы гун дооруна тушташат. Буга чейин Энесай аймагында бийлик курган кыргыз урууларьı улам күч топтоп күчөгөн гунн урууларынын бийлик чегин кичирейтип, өзүнүн географиялык аймагына киргизбөө максатында күрөш жүргүзгөн. Кытай илимпозу **Вын Шына**, «Жаңы эрадан мурдагы II—кылымда эле байыркы кыргыздар динлин, уйсун уруулары менен биригип, гунндардын бийлигин оодарып, гунндарды батышка карай көчүүгө аргасыз кылды»,— деп жазган ***(Малабаев,1999: 10)***.

Бирок, кийин, өзгөчө Теоман (Туман) мезгилинде кыргыздар аз аздап күчүн топтогон гунн топторунун катуу соккусуна дуушар

болгон. Эзелтеден бери уланып келген жоолашуунун мүнөзү өзгөрүп, согуш күч алып, эки тарап тең бири бирине аёосуз сокку уруп, бул күрөштүн аягы кызыл-кыргын менен бүткөн. Бул аймактагы бийлик жүргүзүүнүн, аскердик басмырлоонун натыйжасы, уруу бирдигинин коомдук, экономикалык муктаждыгына таасир тийгизээрин билген будун (карапайым калк) төбөлдөрү, өздөрүнө эң жакын уруктарга деле кол салуудан кайра тартышкан эмес. Бул убакта гунн уруулары сан жагынан кыргыздарга караганда аздык кылган. Кийинчерээк Теомандын уулу такка отурган соң, гунндар биригип Орто Азияда улуу коогаланды баштайт. Гунн каганы Мете башка калктарды (тунг—ху, юечи ж.б) багындырган соң кыргыздарга чабуул жасайт ***(Мыңжан,1994:86)***. Кыргыздарды каратып алгандан кийин, түндүктө жашаган Хакас—Абакан — Алтай кыргыздары да бул мезгилде гунн бийлигине баш ийип калган.

«209 жылы Мүде Шаньюй Гэнгуньдерди Енисей Ан□ары Абахан өзенинин бойынан жаулап алып ба□ындыр□андыгы туралы дерекпен Мон□олияның Хангай таунан Алтай тауы өңіріндеги археологиялы□ □азбалар егиздиң сыңарындай □□сас болгандыгы б□л халы□ ертеде Мон□олия өңірін мекендегенин мегзейди. Тіпті тауі мен тасында, моласы мен даласында атта□ан сайын «□иргисхүүр» (□ыр□ыз бейити) кездесип отырады» ***(□абыш□лы,1997:84)***

Кытай булактары ар түрдүү малыматтарга таянып, гунн кагандыгы доорундагы кыргыздардын турмушу жана отурукташкан аймактары жөнүндө маалымат берген. Бул мезгилди маалымдаган **Бань Гу**нун тарыхый—географиялык маалыматында «Кыргыздардын чыгышында 7 миң ли узактыкта (хуннулардын) шанүйлөрүнүн ордосу жайгашкан, ал эми батышында — 5 миң ли узактыкта — Чеши орун алган» деп айтылат ***(Чоротегин—Өмүрбектегин,1995:320)***. Бул булактардан гун доорунда кыргыз урууларынын кайсы аймакта жайгашкандыгы аныкталат.

Кыргыз урууларынын согуш-коога менен өткөн тарыхын Монгол мамлекетинин курулуш, кыйраш мезгили менен салыштырууга болот. Бул доордо түрктөр менен үзгүлтүксүз чабышы кыргыздар үчүн эч кандай пайдалуу болгон эмес. Эки тайпанын бир географиялык жерди бир убакта талашы күрөштүн эң ырайымсыз өтүшүн шарттаган. Азия географиясынын шартында күн көрүш үчүн уруулар тамак—аш табууга далбас уруп, зарылдыгы чектелген бир аймакта өзүнчө күч ээси болууга мажбурлаган. Ошондуктан түрк уруулары башка түрк урууларына,

кээде кыргыздарга кол салып турган. Бир чөлкөмдүн жайлоо, кыштоолоруна үстөмдүк кылуу аракети ар кайсыл тарых мезгилинде кыргыз уруулары менен түрк урууларынын бир-бирине каршы чыгышына, айыгышкан согуш ачышына алып келген. Ушул эле себептен Гунн кагандыгы да өз маалында кыргыздарга кол салган болчу.

«Батур Теңрикут биздин жыл санообуздан 202 жыл мурда Байкал кылаасындагы чыгыш уйгурлар хандыгы менен Енисей дарыясынын жогорку агымындагы кыргыз хандыгын басып алды» ***(Алмас,1995:245).*** Кыргыздар жеңилген, бирок, гун аскердик бөлүктөрү кыргыз жеринен кеткенинден пайдаланып кайрадан гунн мамлекетине каршы көтөрүлүп, алардын үстөмдүгүнө баш ийген эмес. Ошол себептен гунн аскердик бөлүктөрү кыргыз урууларына каршы көп чабуул жасаган. «Жаңы эрадан илгерки 129—жылы Хань империясы уннуларга каршы согуш баштаган соң жаңы эранын 127—жылы дин лин уруулары Энесай кыргыздары менен бирге түндүк тараптан уннуларга чабуул жасаган жана кыргыздар менен бирге уннулардын бийлигинен кутулган... Бирок жаңы эрадан илгерки 99—жылы уннулар, кыргыз жана дин лин райондорун кайта басып алган... » ***(Байтур,1992:51).***

Кыргыз уруулары кези келгенде гунндардын чабуул мизин кайтарып турган, гунн аскер бөлүктөрү болсо бир топ убакыт өткөн соң, кайра кол курап, кыргыздарга каршы аттанып, согушту уланта берген. Эң айыгышкан согуштардын бири «жаңы эрадан илгерки 54— жылы Чечен Теңири Кут, Энесай кыргыздарын жана басып алуу менен бирге, алардын батыш тарабына айылдаш жашаган дин линдерге оор кооп жеткизген» ***(Байтур,1992:51).***

Гунн колунун үзгүлтүксүз жасаган казаттарынан улам чоң жоготууларга учураганына карабай кыргыздар күнкорсуз болуу үчүн көтөрүлүштөр чыгара берген. Гунндар көтөрүлүштү басуу үчүн аскердик гарнизон системасын киригизип керектүү сандагы аскерлерин Кыргы жергесине жайгаштырып, көзөмөлгө алып турган, бирок андан натыйжа чыккан эмес. Арадан бир топ убакыт өткөн соң кыргыз эли гунн аскерлерине кол салып, алардын аз сандагы аскер тобун жеңип алган. Басым—кысым менен көтөрүлүштөр тынчыбай турганын көргөн гунн кагандары акыры кыргыздарга ички иштерин өздөрү жөнгө салышына улуксат берип, тышкы саясатты өздөрүнө калтырып, кыргыз урууларын салык төлөй турган тайпалардын катарына кошкон. Ошентсе да, гунн менен кыргыз өлкөлөрүнүн арасы узактыгынан бул чечим күтүлгөн натыйжа берген эмес. Гунн кагандыгынын сол

канатын башкарган тегиндин (принцтин) кыргыздардын улам-улам чыгып турган көтөрүлүшүн басууга кудурети жетпей калган. Ошондуктан гунндардын ар кайсы аймактагы аскердик бөлүктөрү борбордон кошумча аскер күчүн жиберүүнү талап кылып турушкан.

«Жаңы эрадан илгерки 51—жылы Чечен Теңири Кут Энесай аймагына чабуул жасап, кыргыздарды дагы багындырды ... » ***(Байтур,1992:44).*** Бул согушта катуу сокку жесе да кыргыздар Гунн кагандыгына толугу менен баш ийген эмес. Гунн мамлекетинин баскынчылыгынан жапа чеккен кыргыз уруулары кайра бутуна туруп, согуш күчтөрүн топтой башташкан. «Илгери уннулар ээлеген жерлерде кыргыз уруулары үстөмдүк кыла баштаган. Кыргыз уруу бирикмеси болжол менен биздин эранын I — кылымынан баштап курулган. Кыргыздардын көп сандуу бөлүгү Энесай тарапта турган» ***(Малабаев,1999:21).*** Гунн биримдиги кубат күчүн жоготуп, экиге бөлүнгөндөн кийин абал өзгөрүп, бул аймакта жашаган кыргыз эли кайрадан топтолуп, чачылган гун урууларына каршы чабуул коё баштайт. Узакка созулган гунн баскынчылыгынын, кыргын чабуулдарынын кысасын чыгарган кыргыздар өз аймагында жайгашкан гунн урууларын сыртка сүрүп чыгарган.

Гун кагандыгынын күн мурунтан көргөн чараларынын бири жеңилген кыргыз урууларын ар кайсы жерлерге чачкын жайгаштыруу болгон. Ушундай жасалса кыргыз эли кошумча күч топтогон күндө да, гунн аскер бөлүктөрүнө каршы жапырт көтөрүлө алмак эмес. Ошондон улам кыргыз эли бириги баш кошо албай, анын улутка айлануу процесси кечеңдеген. Гунн кагандыгы алсырай баштаганынан пайдаланып, Монголия, Түндүк Кытай жана батышка сүрүлгөн кыргыздар кайрадан өз жерине кайта баштаган. Айрым бир уруулар жолдун узактыгынан чочулап, жол коопсуздугуна карап, жаңы конушта кала берген.

Ошентип, кыргыздар каракытай, монгол жапырыгынын айынан, түпкү мекени Энесай аймактарын толугу менен таштап кетүүгө мажбур болгон. Ушул себептен алар Гунн кагандыгы доорунан бери карай эки бөлөк жерде жашап калган. Бул мезгил кыргыз тарыхында маанилүү бир окуя деп саналат. Айрым илимпоздор айткандай, кыргыздар соңку убакта эмес, так ушул Гунн, Көк Түрк жана Уйгур мамлекеттеринин тушунда көчмөн калкка айланып, басымдуу бөлүгү акырындап батыш тарапка жыла баштаган. Кээ бир окумуштуулардын айтымында, IX -XIII-XIV кылымдар өзүнчө көчүш доору болуп монгол баскынчылары кыргыз элин Тянь—

Шань (Теңир—Тоо) тоолорунун этегине жер которууга аргасыз кылган.

Кыргыз элинин батыш тарапка көчүрүлүшү гунн, көк түрк, уйгур кысымынан болгон. Бул процесс узак убакытка созулган. Гунн мамлекети кулагандан кийин, кыргыздар кайрадан бир жерге топтолуп, Энесай аймагында жайгашкан урууларын бириктирип, аз убакыт болсо да кагандык түзгөн. Кагандыктын жаралыш мезгилине байланыштуу ар кандай ойлор айтылып жүрөт. Кээ бир изилдөөчүлөр бул тууралуу так датаны айтпаганы менен, бул Кыргыз мамлекети б. з. V кылымында курулган дешсе, айрымдары VI кылымдын аягында кыргыздар өтө күчтүү кагандык түптөгөн деп айтышат. «562—жылы Энесай кыргыздары Түрк каганатынын аскерлерин аш—азык, согуш куралдары жана турмуш буюмдары менен камсыз кылып турган» ***(Малабаев,1999:23)***. «...Энесай Кыргыз каганаты так ошол жылдардын (487) алды—артында (курулса—М.К.) керек; жана бир тараптан Каңкы өкмөтү курулуп, анча узун убакыт өтпөй эле Памирдин батыш тарабынан келген эфталиттер тарабынан кулатылган...» дейт кытайлык кыргыз илимпоз ***(Байтур,1992:74)***.

Кыргыз кагандыгы көп убакыт өмүр сүргөн эмес. Эфталиттердин (ак гунндардын) кыргыз жергесине келиши менен Энесай Кыргыз кагандыгы кайрадан кулаган. Эфталиттердин бу үстөмдүгү узакка созулган. Кийин бул мамлекеттин бир бөлүгү Көк Түрк мамлекетинин составына кошулган. Көк Түрк тарыхый доорундагы аскердик казаттар жер ооштуруу саясаты тууралуу төмөндөгү келтирилген мисалдар буга ачык далил боло алат. Гунн мамлекети кыйрагандан кийин, өзгөчө б. з. 200—жылдарынан баштап Борбордук Азияда белгилүү бир саясий боштуктун пайда болгону, бир мезгилде бул боштукту хсиен—пилердин тукумдарынан болгон монгол типтүү жуан—жуандар ээлегендиги маалым. Ю.С. Худяков: «кыргыздардын б.з. VI к. телелер менен жуан—жуандардын согушунан улам Энесайга көчүп келгендигине басым жасайт» ***(Кожобеков,1996:62)***. Жуан—жуандардын үстөмдүгүн кыйраткан Көк Түрк кагандыгы туруктуу географиялык түркүк алгандан кийин кыргыз-түрк таймашында эч өзгөрүү болбостон мурункудай эле кырчылдашуу улана берген.

Көк Түрк каганы Мукан хан 554—ж. Чыгышка жапырып кирип, кийин «...түндүккө жортуул жасап, Орхон, Тугла, Селенга дарыяларынын өрөөндөрүндө, Байкал көлүнүн кылаасында жашаган кыргыздарды багындырды» ***(Алмас,1995:246)***. Бирок кыргыздар жеңилседа көк түрк үстөмдүгүн биротоло кабыл алган

жок. Алар бөлөк уруулар менен кошо көк түрктөргө каршы биргелешип күрөшүп, «Жаңы эранын 562-жылы Энесай Кыргыз каганаты Мукан хан тарабынан басып алынгандан соң, албан салык төлөп туруу шарты менен Түрк каганатына моюн сунду» ***(Байтур,1992:79;Салгараулы,1999: 34).*** Бул кол салуулар жөнүндө маалымат берген булактарга ишенсек, кыргыздардын жоготуусу ошол мезгилге салыштырмалуу бир топ эле оор болгон экен. Кыргыздар көп сандаган аскерлерин жоготсо да көк түрк баскынчылыгына каршы бир кыйла туруштук берген.

Балким, мындай айыгыш кылым аралап жашоо уланган аймактын үзгүлтүксүз басып алууларга кабылышына, башка элдердин бул аймакты көпүрө катары колдонулуусуна каршы көрүлгөн мамилеси болгондур. Түрк-кыргыз жоолашуусу, бийлик үчүн болгон күрөш өз мезгили үчүн из калтырды. Акырында бул күрөш 840-жылы сонуна чыгып, кыргыздар тыным билбеген согушту токтотуп, түрк урууларынын көпчүлүгү Борбордук Азиядан алыстаган. "581-жылы Түрк империясы экиге бөлүнүп кеткен. Батыш түрк каганаты деп аталган. Батыш Түрк каганатынын борбору мурда усундар ээлеп турган жерде Жети-Сууда болсо, ... Батыш Түрк каганатынын борбору Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде, Кызыл Үңкүргө жакын жерде болгон" ***(Закиров,1996:54).***

Көк түрк каганаты экиге бөлүнгө чейин, айрыкча өлкө башында Истеми каган туруп, Батыш Түрк каганатынын Улуу Жибек Жолунун боюнда жайгашкан кыргыз жеринде түптөлүшү, Түрк мамлекеттеринин бул аймакка геосаясий маани берип баалагандыгын айгинелейт. Энесай Кыргыз каганаты 562-581-жылына чейин Көк түрк каганатынын бийлигинде болгон. "Батыш Түрк каганаты жана талкаланган Чыгыш Түрк каганатынын калдыктары Энесай кыргыз каганаты менен Таң империясы ортосундагы ынак байланыштарды бузуп турган" ***(Байтур,1992:83).*** Ушул окуядан кийин экиге бөлүнүп, күчүн жоготкон Көк түрк каганатынын алсыздыгынан пайдаланган кыргыз уруулары кайрадан баш көтөрө баштаган. Көк түрк каганатында орун алган баш аламандык коңшу аймакта болуп жаткан окуяга кийлигишүүгө мүмкүндүк берген эмес. Ошентип, кыргыздар 646-жылы "Энесай кыргыздары, Чыгыш Түрк каганатынын калдыктарынын бийлигинен кутулган." ***(Байтур, 1992:84).***

Биринчи Көк түрк каганаты кыйрап, ордуна экинчиси курулганча кыргыздар эркин жашаган. Бирок чындап күчтүү каганат курууга кудурети жеттен эмес. Көк түрк мамлекетинин

кыргыздарга көшөрүп кол сала беришинин бирден бир себеби ушул: кыргыздар кытай башкаруу династиялары менен туугандык мамиле жасап, Түрк каганатына каршы биримдик курган. Бул жагдай көк түрктөрдүн кыргыздарга кол салууларын ого бетер күчөткөн. Кытайдан кооптонгон көк түрктөр кыргыздарды жазалоо мененалаксыган. Кытай мамлекети гунн, көк түрктөрдүн аскердик күчүн кыргыздардын колу менен алсыратып эле эмес, эки тараптын тең күчүн жоготуу амалын көздөгөн. Балким, кыргыз уруулары муну толугу менен түшүнбөгөндүр, бирок ар дайым мындай оюнду сырын билип туруп кабыл алышкандыр? Анткени кыргыздар жеңилип, алсырап турган жылдары Кытайдан элчилик келген эмес, тескерисинче, кыргыздар күчтөнүп, түрк урууларына кол сала баштаганда кытайга делегациялар жибериле баштаган. "Жаңы эранын 706—жылы, кийинки Түрк каганатынын каганы Моюнчур каган менен ханзада Көлтегин аскер жиберип, кыргыздары бастырма калды. Кыргыз каганын уктап жаткан жеринен сүйрөп чыгып, башын кести" ***(Байтур,1992:87).*** Экинчи Көктүрк каганаты кыйрагандан кийин бийлик кайрадан түрк тектүү уйгурларга өттү. Бирок түрк—кыргыз күрөшүндө эч кандай өзгөрүү болгон жок. Баягы гун, көктүрктөр заманындагы түрк урууларынын өз ара кандуу кагылыштары Уйгур мамлекети тушунда деле улана берди. Маселен, мамлекетин аягында тургузар замат уйгурлар кыргыздарга каршы казатка аттанды.

"Жаңы эранын 745—жылы, Уйгур каганаты куруп, 758—жылы анын каганы Моюнчур (Кара каган) аскер жиберип, Кыргыз каганатынын жерлерин басып алган... Когу каган (жаңы эранын 832—839—жылы) доорунда Уйгур каганатында бир канча чоң окуялар болуп өттү... Мындай жагдайдан пайдаланган Кыргыз каганаты Йаглакар хан жаңы эранын 836—жылы Уйгур каганатынан ажырап чыкты" ***(Байтур,1992:90—91).*** "Ай Теңир хан 810—жылы Энесей дарыясынын жогорку агымында жашаган кыргыздарга чабуул жасады. Кыргыздар мурда Уйгур—Орхон каганатына баш ийсе да, кийин бунт чыгарып, өз алдынча көз карандысыз болуп калган" ***(Алмас,1995:246—7).***

Мындан тышкары уйгурлар кыргыздарга бир канча жолу кол салып, акыры эки тараптын таймашы 840—жылга барып сонуна чыкты. Уйгур мамлекети мезгилиндеги чабуулдардын кесепетинен кыргыздар кыйла жоготууларга учурады. Алар убактылуу уйгур үстөмдүгүн кабыл кылып, өз көз карандысыздыгын жарыялады. Ал тургай, Уйгур кагандыгына караган көптөгөн түрк урууларын кыргыздар уйгурларга каршы үгүттөп, алар менен ынтымакташып,

бирок Уйгур мамлекети алсырай түшөрү менен дароо бул мамлекетинин кыйрашын тездеткен. 839—ж. "алдызлар тайпасынан чыккан аскердик вазир Кулук Бага, Энесей дарыясынын боюндагы кыргыздырдын арасына качып барып, аларды көтөрүлүш чыгарууга үндөп, Кичүү Текинди кулатууга кутуртту" ***(Алмас,1995:240)***. Демек, кыргыздар уйгур вазирлерин козголоңго тартып, аларга караштуу урууларды Уйгур мамлекетине каршы тукурган да, өлкөдө ички башаламандык чыгышына себепкер болгон.

840—жылга карай алсыраган Уйгур каганатына акыркы сокку ургандан кийин кыргыздар уйгур борбор шаарын ээлеп, уйгур каганын жан-жөкөрлөрү менен кошо кылычтап күм-жам кылган. Ошондон кийин Борбордук Азиянын чыгыш аймагында саясий бийлик кыргыздардын колуна өтүп, башка түрк уруулары, акырындап батышты көздөй көчө баштаган.

Бул уруш-талаштарда кыргыз уруулары жеөиштерге жетсе да, географиялык жана демографиялык жактан кетүү өксүгөн. Өзгөчө кыргыз уруулары Түштүк Монголия, Энесай жээктеринде азайгандан азайып, башка уруулардай эле ар кайсыл аймактарга чачырап жайгаша баштаган. Түрк мамлекеттеринин кол салууларынан тажаган уруулар өхз ыктыяры менен башка чөлкөмдөргө жайгашып, бөлөк этностор менен аралашып, натыйжада алар бирдиктүү аскер топтогонго жарабай калган. Гунндар мезгилинен баштап батышты көздөй умтулган тунг—ху, хсиен—пи жана жуан—жуан уруулары оор жеңилүүлөргө учурап, Монголиянын ички аймагына оошуп кеткен.

Кыргыздардын бул аймактан сүрүлүшүнөн улам ички аймактарды мекендеп, аскердик күчү бир кыйла кубаттуу болгон монгол уруулары алдындагы эки тоскоолдуктун бирине жойдургандан кийин алардын көзүн кызарткан географиялык капкалар ачыла баштады. Кыргыздар түрк уруулары менен таймашында жеңишке жеткесе да, калкынын көбүнөн ажырап, монголдорго каршы туруштук бере албады. Түрк мамлекеттери кетирген стратегиялык катанын айынан бир топ мезгилден кийин Борбордук Азияны монголдор ээлеп алды. Кыргыз уруулары ал учурда арбын жайгашкан аймактар Түндүк Кытай (Чыгыш Түркстан), Теңир—Тоо—Ысык—Көл, Жети—Суу, Монголия (Түштүк Монголия) чөлкөмдөрү эле. Кытайдан бөлүнгөн уйгур урууларын кууп келип, кийин монголдордун жапырыгына кабылган кыргыздар Теңир—Тоо—Ысык—Көл, Жети—Суу аймагына топтоло баштаган. Буга чейин батышка сүрүлгөн түрк уруулары жакын аймактарда жашаган себептүү кыргыздар менен кайрадан

жоолаша баштаган. Туш тарапка тараган түрк уруулары кыргыздарга каршы туруштук бере албай, бул жолу да кыргыздар тарабынан батышка карай сүрүлгөн.

**Л. П. Кызласов**дун айтымында, "Борбордук Азиядагы түрк уруулары IX—X кылымдарда кыргыздардын Энесай мамлекетинин составына кирген" ***(Малабаев,1999:37)***. Бир канча кылым мурун пландуу жайгаштыруу саясатын жүргүзгөн түрк уруулары тарабынан мекенинен (Энесай—Түштүк Монголия) куугунтукталган кыргыздар эми андай саясатты түрктөргө карата жүргүзгөн. Бир мезгилде алсыраган кыргыз урууларын багындырган монголдор ошентип түрк урууларын бошоткон аймактарды басып алган. Анткени түрк уруулары батышка ооп кеткен эле. Андыктан бул аймакты ээлеп алуу монголдор үчүн анча кыйынчылык болгон эмес.

Жазма булак даректери көрсөткөндөй, кыргыздар Энесай боюнда жашап келген ***(Алмас,1995:240)*** «□ыр□ыз □а□анды□ының **бийлиги Моң□олия мен Шы□ыс Түркистан□а түгелдей жүрип, 840 жылдан 924 жылга дейiнгi аралы□та □ыр□ыз ка□анды□ының гүлдену деуiрi болды»** ***(□абыш□лы,1997:86)***. **Р. Клапроттун** айтымына караганда, "970 — жылы Кыргыз ханы ордосун Монголиядан Тувага көчүрүп кеткен" ***(Солтоноев,1993: 41)***.

**Е. Кычанов** жана **Т. Бейшеналиев** мындай деп белгилейт: «Кыргыз Каганаты Борбордук Азиядагы түрктөрдүн күч—кубатынын соңу болот. Кыргыздардын бащкаруусу көпкө созулбайт. X кылымдын башында азыркы Ички Монголия делген автономдуу районунун, Кытай эл республикасынын орунда кидандарын мамлекети пайда болот. Кидандарын X кылымдын биринчи жарымында азыркы Монгол эл республикасынын түштүк—чыгышында таасири күчтүү болот» ***(Е.Кычанов, Т.Бейшеналиев,1991:232)***. Кидандар кыргыз каганатын жоюп эле тим болбой, аларды социалдык жактан мүңкүрөтүп, чоң жоготууларга кириптер кылган. Кыргыз уруулары бөлүнүп, миңдеген километр алыстыкка көчүүгө аргасыз болгон. Кидан доору кыргыздар үчүн Гунн, Көктүрк, Уйгур каганаттары тушундагыдай эле кыргындуу оор мезгил деп саналат. Түрк каганаттары кыйрап, ыңгайлуу шарт түзүлсөда, кыргыз уруулары кайра баш кошуп, Энесай аймагын топтоло алышкан эмес. Анткени анык бийлик кидандарга өтүп, алар чек арасын кеңейтип, алгач он алты, анан элүү беш аймакты өзүнө баш ийдирген.

«X кылымдын башында кидандардын бийлиги орноп, натыйжада

кыргыздардын бул жамааты Монголиядан бөлүнүп калат. Иртыштын жака—белине жана Жунгарияга кай уруусу таралып, Кимак каганаты курулат, ошентип түркстандык кыргыздарга түндүк тараптан кайлар менен кимактар коңшу болот» ***(Худяков,1993:217).*** «Борбордук Азия талааларын кидандар басып алгандан кийин кыргыздардын бирдиктүү этникалык массиви экиге бөлүнгөн,—деп жазат Ю.Худяков—кыргыздардын бир бөлүгү Саян—Алтайда калса, бир бөлүгү Чыгыш Түркистанда топтолот. X кылымдын акырында Чыгыш түркстандык кыргыздар Турфан уйгурларына көз каранды болуп калышкан»***(Худяков,1995:184).*** «Табылган археологиялык материалдар, топонимика жана руникалык жазмалардын маалыматы менен катар, Тоолуу Алтайды кыргыздардын басып алганын жана анын б.з. IX—X кылымдарында Кыргыз каганатынын составына киргендигин ишенчиликтүү далилдейт» ***(Худяков,1995:142).***

«Энесай Кыргыз каганаты талкаланган соң бу каганатка караштуу көптөгөн кыргыз уруулары Энесай, Алтай райондорунан Иле өрөөнү, Тянь—Шань тоосу, Талас, Ысык—Көл райондоруна көчүп келип, өзүнүн бул райондордогу байыркы туугандары менен бирикти. Ошондон баштап кыргыздар илгерки «Тянь—Шань кыргыздары» деген этникалык бөлүгү сан жагынан барган сайын көбөйө баштады» ***(Малабаев,1999:49).***

## КЫРГЫЗДАР ЖАЙГАШКАН АЙМАКТАР: ЭНЕСАЙ ЖАНА ТЯНЬ-ШАНЬ (ТЕҢИР-ТОО)

Бул аймактар жөнүндө бир топ илимпоздор ар түрдүү тезистерди сунуш кылып жүрүшөт. Алардын басымдуу көпчүлүгү кыргыздар бул аймакка каракытай, монгол доорунда келген дешет. Айрым илимпоздор кыргыздар илгери эле бул жакка жер которгон деп айтышат. **СССР** доорунда кээ бир адистер кыргыз—хакас этникалык алакасын изилдеп, илимий жыйындарда бул темага ыкылас коюп келди. Кийинки убакта бул тема өз актуалдуулугун жоготуп, илимпоздор эми илимий эмгектерин кайрадан Энесай—Теңир—Тоо аймагына арнай баштапты. Кыргыздардын жайгашышы тууралу айтылган ойлорду төмөндөгүдөй бөлүп карасак болот:

Л. Кызласов, Л. Н. Бернштам, Ю. Худяков, В. В. Бартольд, Ху Чжен Хуа, Ө. Караевдин пикири боюнча, "кыргыздар тараган география Ак—Тоолордун (Кунь—Лунь) түндүгүнөн Байкалга чейинки аралыкта болгон. Ал эми Орто Азияда кыргыздар Хазар

(Каспий) деңизине чейин таркалган" ***(Матикеев,1995:205)***.

Мындан башка санжырачылар да кыргыздар жайгашкан аймактар туурасында маанилүү маалыматтарды калтырган. Кыргыздар арасында санжыра айтуу кеңири тарап, атактуу санжырачылар чыккан. Алар айткан уламыштар илимпоз тарыхчылардын сынына толуп, колдо бар маалыматтын туура экендиги аныкталды. Санжырачылардын бири — **Үсөйүн Ажы.** Ал кытайча жана башка тилдерди билгени үчүн эң эски булактардан пайдалана алган. Санжырачынын айтымында, кыргыздардын байыркы ата мекени Энесай болгон. Энесайдын маанисине келсек, «сай» же «чай» сөзү байыркы түрк тилинде дарыя, өзөн деген маанини берет. Кыргыздардын басымдуу көпчүлүгү мына ушул Энесайды, сырт жана чыгыш Тянь—Шанды мекендеген. Алардын бир аз сандагы бөлүгү Талас, Бухара, Каратегин айланасында жашаган ***(Үсөйүн ажы,1991:78—79)***.

Чыгаан санжырачылардын бири **Тоголок Молдо** мындай дейт: "Кыргыз эли салтанат, салты дайын болуп келген. Кыргыз туулуп, өнүп—өскөн жерлери Казан Көл, Ак деңиз боюнда, Алтай тоолорунун арасында. Оркон дарыясынын боюнда, Эртыш дарыясынын өрөөнүндө жана Эртыш, Оркондун ортосунда Шапшак деген жерде турган" ***(Тоголок Молдо,1991:6)***. Казактын атактуу санжырачысы Ш.Кудайберди уулу кыргыздар Теңир—Тоо менен Ала—Тоонун ортосунда жашаган деп белгилеп кеткен ***(□□дайберди□лы,1991:36)***. Акыркы мезгилдерде кыргыз санжырасын иликтеген **Эсенкул Төрөкан уулу:** «Кыргыздар Тянь—Шанга IX—XV кылымдарда уйгурларды, калмактарды чапканда келишкен, бирок бардыгы эмес, көпчүлүгү XIV кылымдын аягында жайгашкан» дейт ***(Төрөкан уулу,1995,Т. I: 5)***.

Кыргыздар жашаган жерлер тууралуу маселе өзгөчө орус изилдөөчүлөрүнүн көңүлүн бурган. Белгилүү орус окумуштуусу Н. А. Аристов кыргыздар тээ биздин заманга чейинки III кылымдан бери эле Усун аты менен Теңир—Тоодо жашап турган деп божомолдогон. **Н. Я. Бичурин, Ч. Ч. Валиханов, Н. А. Аристов, А. К. Маргулан** «кыргыздардын эзелтен бери жердеген жери Тянь—Шань, Памир, Алтай тоолору, Ысык—Көл жээги, Орто Азия болгон»***(Закиров,1996:45)*** деп белгилешкен.

Кытай, араб, перс жана рим булактарында кыргыздар жайгашкан аймактар туурасында ар түрдүү маалыматтар бар. Ар кайсыл мезгилде жашаган илим адамдары, соодагер же саякатчы болбосун, бул аймакты кыдырып, көргөн билгенин, элдердин

турмуш-тиричилиги тууурасында маалымат калтырышкан. Алар калтырган маалыматтар бир топ элдин отурукташуу аймагын аныктоодо, башка булактар менен салыштырып кароодо маанилүү рол ойнойт. Өзгөчө кыргыздардын Кытайга жакын жайгашып, ак сөөктөрү Кытай башкаруучуларынын кыздарына үйлөнүп, тууугандык байланыш курушу, ордого үзгүлтүксүз келип-кетиши, алар жөнүндөгү маалыматтардын кытай жылнаамаларына үзгүлтүксүз түшүрүлүшүнө өбөлгө түзгөн. Ал маалыматтар аркылуу ар кайсыл доордогу кыргыз калкынын санын, отурукташуу аймагын аныктоо мүмкүн. Төмөндө кыргыздар жайгашкан аймактар тууралу маалыматтар камтыган династиялык жылнаамалардан кабарлар беребиз.

«**Хан Шу**» чыгармасында жазылган тарыхый материалдарда мындай деп айтылат: "Байыркы заман Кыргыздарды азыркы Комул, Кучанын батыш тарабында Тянь—Шань тоолорунун, Кара шаардын чыгышында жашаганы жазылган" ***(Үсөйүн ажы,1991:79).***

Кытай маалыматтарына караганда, кыргыздар Суй династиясынан кийин "Алтайдын түндүгүндөгү Энесай дарыясынын башкы агымынын бойлорунда жашап, бул доордо эки ирет хандык курган. Кыргыздардын биринчи хандыгы 51 жыл мурун ундар (хундар, гундар) жеңилген мезгилде курулуп, III кылымга чейин келген. Андан кийин сыртар— доштардын (Сыр Тардуш) кол астында, андан кийин сиянпи түрктөрүнүн карамагында, андан кийин көк түрктөрдүн кол астында болгон. VI кылымдын аягында кыргыздар күчөп, мамлекет курган. "VI кылымдын аягында кыргыздар өтө күчтүү өкмөт уюштуруп, анын чек арасы чыгышта Байкал көлүнө чейин, түштүктө чыгыш Түркстанга чейин кеңейген..." ***(Үсөйүн Ажы,1991:78;Сал□ара□лы,1998:87).***

«**Тан Шуда**» мындай деп айтылат: кыргыздардын өлкөсү түштүктөгү Таньмань тоолоруна чейин жайылып жатат ***(Бартольд,1991:132).*** Таанымал кытайлык кыргыз тарыхчысы **Анвар Байтур** кытай жазууларындагы кыргыз тарыхына тиешелүү фактыларга таянуу менен эмгек жазып, тарых үчүн зор кызмат кылды. Анын изилдөөлөрүндө кыргыздардын отурукташуу аймактары жөнүндө мындай ой айтылат. "V кылымдарынын аягы, VI кылымдарынын баштарында Энесай Кыргыз каганаты курулган соң, анын таасири түрк тайпаларынын ичинде эң чоң орунга ээ болгон. Ошондуктан бул доордо Тянь—Шань, Памир тоолорунун айланасы жана Орто Азия райондорунда жашаган бир канча түрк уруулары кыргыздарга ассимиляция болуп, кыргыз уруулары деп эсептелген..." ***(Байтур,1993:264).***

Кыргыз тарыхчысы **С. Аттокуров** мындай деп белгилейт: "Байыркы Энесай кыргыз VI—X к.к. жеткен. Бул байыркы этностун ар кандай уруктардан турганына карабастан жалпы территориясы (Энесайдан Байкалга, Жети—Суунга чейин созулган), тили, жазуусу, дини, календары, майрамы жана мамлекети, тамгасы **υ / ψ** болгон" ***(Аттокуров, 1997:20)***.

**В. В. Бартольд**дун айтымында, адегенде кыргыздар Энесайдан Теңир—Тоого IX—X кылымдарда көчүп келген десе, кийин «кыргыздар, Саяндын түштүгүрөөк жерлеринен XIII кылымда монголдор тарабынан үч багытка: бир топ Теңир—Тоого, бирөө Миң—Суунга, үчүнчү топ Саяндан түндүккө сүрүлүп чыгат» ***(Худяков,1995:179)***. Кыргыздардын Орто Азияга жер ооштуруусу илимде ар кандай көз караштты жаратты. Кыргыз урууларынын кайгуулдап согушуп турган убагынан кабар берген булактар алар ар кайсыл жерде чачырап жашаган дегендей ойду пайда кылган маалымат калтырган. Кыргыз уруулары жерин коргош үчүн ар жактан баскынчыларга каршы күрөшүп, сырт жерлерге согуш аракеттерин жүргүзүүгө мажбур болушкан. Чет жерден келген саякатчылар туш тарапка чачылган кыргыздарды көрүп, ар кайсыл жерде орун алган Кыргыз өлкөсү туурасында чаташкан маалыматтар калтырган.

**В. В. Бартольд** кытай булактарына таянуу менен кыргыздардын X кылымда эле Батыш Тянь—Шанга, Шынжанга келгендиги жөнүндө жазган. Биринчи жолу 840—жылы Чыгыш Түркистанга качып келген уйгурлардын арасында кыргыздар болгон, экинчи жолу кыргыз аскерлери бул жакка аскер оторчулары катары келип туруп калган ***(Аттокуров,1995:53)***. В. В.Бартольд берген маалыматтарда, кыргыздардын ар кайсыл аймакка кандайча чачылгандыгы баяндалат. Ошондуктан улам жер которуштуруууга аргасыз болгон уруунун отурукташкан жерин аныкташ үчүн тарых, тарыхый география, археология, антропология, география, түркология, лингвистика, этнология сыяктуу илим тармактарынын маалыматтарын пайдалануу зарылчылыгы туулат. Жалгыз тарых илими бул маселени эч качан объективдүү чечип бере албайт.

**Л. А. Боровкованын** айтымында, «б.з.ч. I кылымдын орто чениnde кыргыздар, Дзосотын—Элисун чөлүнүн батышында, Карашар—Манас шаарларынын чегинде, б.а. Боро—Хоро тоо кыркасында жайгашкан» ***(Кожобеков,1996:60)*** Кыргыздар жайгашкан жер маселесине айрыкча көңүл бурган **Г. Е. Грумм—Гржимайло** «кыргыздар Теңир—Тоого IX кылымда көчүп келиши мүмкүн, бирок алардын орто кылымдын ортосунда Энесай

Кыргыздары менен этногенетикалык байланышы жок»—деген ***(Худяков,1995:179).*** Бул пикирлер кошулууга мүмкүн эмес, себеби бир канча этаптан турган кыргыз көчүнүн жүрүшүндө Энесайдан Теңир—Тоого карай эки тараптуу агым болгон. Айрыкча Энесай боюнда ар түрдүү себептерге байланыштуу кыйын абалда калган кыргыз уруулары батышты көздөй көчүүгө аргасыз болгон. Эки башка аймакта жашаган бир элдин этногенез түзүлүшү жагынан ар башка болгон деп айтууга эч кандай илимий далили жок. Балким, **Г. Е. Грумм – Гржимайло**, кыргыздар Энесай аймагынын чоң бөлүгүнөн кеткен соң бул жерде калган башка уруулар жергиликтүү этностор, же болбосо монгол типтүү элдер менен аралашып, алардын ичине эрип түгөнгөн деп айткысы келсе керек.

**В. В. Бартольддун** айтымында «Улуу державалык күчүнөн ажырагандан кийин түштүк—батышта эч кандай кыргыздар калган эмес» ***(Бартольд,1991:170).*** В. В. Бартольд Г. Е. Грумм—Гржимайлонун оюна кошулбайт, бирок кыргыздар бул аймактан толук кетти деп айтууда мүмкүн эмес. Кыргыз тилине абдан окшош хакас тилин тарыхчылар көңүлгө албаса, анда муну түркологдор кабыл алар бекен? Ошол эле тилдик, этногенетикалык байланыш, коомдук жашоо жагынан бирдей болгон Энесай—Теңир—Тоо кыргыздары ар башка эл деп айтуунун эч бир негизи жок.

**Б. Солтоноев:** «Кыргыздардын эң байыркы турган жери Энисей дарыясы, Алтай, Саян, Тянь—Шань, Памир, Котон тоолору, ушул айтылган тоолордун аралары жана өзөн салаалары болгон»,—десе ***(Солтоноев,1993:5)*** Ю.Худяков мындай дейт: «Азыркы кыргыздардын этногенезинин борбору IX кылымда Энесайдан кыргыздардын бир бөлүгү көчүп келген Иртыш бойлору, Түндүк жана Тоолуу Алтай болгон дешет. X—XII кылымдарда бул жерлерде кыргыздар баштаган кимак—кыпчак тегинен турган этносаясий топ пайда болгон. XII кылымдан кийин кыргыздар кимак—кыпчак чөйрөсүндө толугу менен ассимиляцияга учурап, бирок жаңы этноско өзүнүн «кыргыз» деген атын берген азыркы кыргыздардын уюткусу болгон ошол алтайлык кыргыздар XV кылымда Алтайдан Теңир—Тоого көчүп келишкен" ***(Худяков,1995: 181).***

Кыргыз каганатынын чек аралары абдан көлөмдүү жерди ээлеген. «Кыргыздар Түштүк Сибирде Энесай, Миң—Суу ойдуну, Саян—Алтай тоо кыркалары, Иртыш бойлору жана Орто Азиянын чыгыш бөлүгү, Ысык—Көл, Тянь—Шань, Памир—Алай тоо кыркаларында жашаганы азыркыга чейин белгилүү» ***(Малабаев,1999:39).*** Кидан жапырыгынан батышка качкан

кыргыздардын бир азы ошол аймакта калып, кидандар менен аралашып кеткен. Кидан бийлигинен кийин бул аймакка монголдор ээлик кылып, кыргыз уруулары алардын соккусун башынан кечирген. Монгол жапырыгы кыргындуу болгондуктан батыш кыргыз уруулары монгол баскынчыларына каршы чыкпаса керек. Асыресе Энесай кыргыздары кидан бийлигин кабыл алып, монголдордун оор соккусуна дуушар болгон соң, бөлөк түрк мамлекеттериндей эле монголдор тарабынан да ар башка аймактарга сүрүлгөн. Ошол мезгилде Энесайда жашаган кыргыз урууларынын жайгашкан жерлери, **Рашид ад-диндин** маалыматы боюнча «түндүк чыгышта, чыгыш Ангара менен Селенгада болгон, түштүктө Селенгадан Иртышка чейин наймандардын жери (бул эл Батыш Монголиядагы эң күчтүү эл болгон) Ири, Баргут, Тумэт жана Байлук элдеринин ээлиги Байкалга жакын жердеги Баргужин—Тукум өлкөсүндө болгон, анын аты Баргузин деген жердин, суунун атында сакталган» ***(Бартольд,1991:160).***

Энесай боюю монголдордун батышка салган жолу эсептелгендиктен бул аймакка кайра кайтууну самаган кыргыз уруулары дагы да түш тарапка айдалат. Бу саам кыргыздарды сүрүп чыккан мамлекеттин же калктын аты өзгөргөн. «Юань династиясынын бийликке келиши менен (1271—жыл) кыргыздарды ар жерге чачып 9 миң түтүн кылышкан. Кыргыз жеринин узундугу 1400 метр (700 чакырымдан көп), эни болсо ушунун жарымындай келет. Цяньхэ дайрасы (Кэм, Жогорку Энесай) ушул жерди кесип өтөт да, түндүк—батышты карай агат. Түндүк чыгыштагы дайра Юйсюй (Ус?) деп аталат. Бул дайралардын баары тең опсуз чоң. Алар Цянь менен Ангарага кошулуп, түндүктөгү деңизге куят» ***(Е. Кычанов,Т. Бейшеналиев, 1991:240).***

Андан соңку мезгилде батышта же Теңир—Тоодо жашаган кыргыздар монгол бийлиги алдында калып, аердеги калктын көбөйүшүнөн улам сүргүнгө дуушар болушат. Бу сапар жыш жашаган аймактан бийлик талашып күрөшөт деген шылтоо менен кыргыздар монголдорго баш ийген элдердин арасына көчүрүлөт. «Хубилай ага Алтайдагы, Текедеги жана Кыргыздардагы жерлерди алып.

Ушул кезде кыргыздардын бир бөлүгү ойротторго кошулуп Энесай—Иртыш дайраларынын ортосундагы өрөөндөн Чыгыш Тянь—Шандагы Алтай—Хангай тоо кыркаларын карай көчүп кетиши да ыктымал. Согуш Кыргыздары ар кайсы тарапка ыдыратып чачат. 1275—1276—жылдары кыргыздардын бир бөлүгү көтөрүлүп чыгат. Көтөрүлүш басылган соң, кыргыздардын көпчүлүк

бөлүгү Батыш Маньчжуриядагы 1277 жылы негизделген округдун жаңы борбору Чжаочжоу шаарына көчүрүлөт. ***(Е. Кычанов,Т. Бейшеналиев,1991:243)***. Худяковдун маалыматына караганда, «кыргыздардын экинчи бир жамааты «Хэсыхэ жерине», Маньчжуриянын дагы бир аймагына көчүрүлгөн эле. «1293 жылы Ши–цзу (Хубилай) Хэсыхэ жерине аскер көчкүндөрү катары Чжирхэхусотай (лык) Цирцзистердин (Кыргыздардын) 700 үй–бүлөсүн жай алдырды. Бул чаралардын баары козголоңчул урууларды этникалык бөлөк–бөтөн чөйрөгө көчүрүп таратып, көчкүндөрдүн өзүн, алар байыр алган аймактарды катуу көзөмөлдөп туруу максатын көздөп жасалган». ***(Худяков,1993:228).***

Монголдор тууралуу эң маанилүү маалымат калтырган аалым – **Ата Мелик Жүвейни.** Монгол вазири катары ал ордо тарабынан кыргыз урууларынын ар кайсыл аймактарга жайгашкандыгы тууралуу чаржайыт маалыматты **«Тарих–и жахангушай»** аттуу чыгармасында калтырган. Жувейнинин аңгемесинде «Кубилайдын башкаруусу жөнүндө ал 1293–жылы эле, башкача айтканда, өзү өлөөрдөн бир жыл мурда кыргыздарын бир бөлүгүн Маньжуриядагы Наянь жергесине көчүргөндөрү айтылат» ***(Бартольд,1991:164–5).*** Кыргыз урууларынын ар кайсыл аймакка көчүрүлүшүн туу туткан айрым илимпоздор мына ушул маалыматты гана эске алышат. Калган топтору батышка монголдор доорунда келген деген пикирди айтышат. Мына ушундай ойду коргогон изилдөөчүлөрдүн бири **К. И. Петров** болгон. Ал тарыхчы «кыргыздар, Энесайдан Теңир–Тоого монголдорго чейин көчүп келген эмес деген жыйынттыкка келди. Анын оюу боюнча, азыркы кыргыздардын ата–теги Обь дайрасынын башында биздин доордун XIII–XIV кылымдарында Теңир–Тоого чыңгызиддердин согушунун жүрүшүндө моңголдордун кысымы менен келген кимак–кыргыз (кыпчак–кыргыз) тектүүлөр болгон ***(Худяков, 1995:181).***

Казактардын этнос катары калыптанышы түздөн–түз кыргыздарга байланыштуу деген ойду бир канча казак илимпоздору айтып, кыргыздардын географиялык жайгашуусу боюнча илимий изилдөөлөрүн сунуш кылышкан. Алардын бири – **Ч. Ч. Валиханов**. Анын айтымында, «кыргыздар Чыгыш Түркстандын байыркы жашоочулары, байыртадан жердеп келген эл, алар Анжиян тоолорунан Кашгарга чейинки жерлерде көчүп жүрүшөт деген жыйынтыкка келген» ***(Закиров,1996: 46)***.

Монгол үстөмдүгүнүн жоюлушу менен кыргыз уруулары жер которгон аймакка байыр алып отурукташып, буга чейин башка

региондордо жашаган кыргыз уруулары менен биригүүнүн жолун издей башташкан. Монголдордун түрк урууларына тийгизген таасиринин акырындык менен жоюлушу менен түркүн уруулар мурдагыдай эгемен эгемен болсок деп эңсеп, кайрадан хандык орнотуу жолун ойлошот. Өзгөчө Борбордук Азияда жашаган уруулар ар башка региондорго үзгүлтүксүз көчүп, башка уруулар менен аралаша берген, натыйжада этникалык ассимиляция күчөгөн. Мындай этникалык куралыш бир жагынан түркүн уруулардын орун—очок алышына түрткү берсе, экинчи жагынан бул региондо жашаган элдин бийликти колго алышына тоскоолдук кылган. Ошентип, мурда бул жердеги отурукташкан уруулар менен жаңы этникалык биримдик түзүлүп, тыштан кол салган душмандарга каршы чогуу аракет көрүү жолуна түшкөн. Маданияты жагынан айырмаланган уруулар арадан аз убакыт өткөн соң бири бири менен коомдук карым—катнашты куруута жетишкен.

Мурда кыргыз уруулары ар кайсыл региондо жайгашкан себептүү маданиятынан акырындап ажырай баштаган. Мисалы, чагатай өзбек маданиятына кирген кыргыздар отурукташкан тиричиликке көнүп, дыйканчылык кылууга киришкен. Ошол эле кезде Түндүк Кытайда жашаган кыргыздары кытай маданиятынын таасирине кабылган. Мындан башка кыргыз, өзбек, кыпчак, монгол сыяктуу чоң топтор Ала—Тоо регионунда калып, кийинчерээк казак биримдигин жараткан. Ысык—Көл, Тянь—Шань кыргыздары бул доордо чоң күчкө ээ болуп, кээ бир кыргыз урууларын отурукташкан жери менен кошо өз курамына камтып алууга жетишкен. Ал эми алсырап, аймактагы саясий күчүн жоготкон мезгилде кыргыздар башка региондорго куулган же ыктыяры менен бул жерден көчүп кетип турган. Мисалы, «Мырза Абу Бекр ал убакта (1480—1514) Кашкарда акимдик кылып турган. Абу Бекрдин акимдигинин акыркы жылдарында анын аскер күчтөрүнүн кол башчысы Мир Вали монголдор менен кыргыздарды Моголистандан жана Ак—Суудан сүрүп чыккан. Андан кийин кыргыздарга Ысык—Көлдүн түштүк жагына көчүп кетүүгө уруксат берилген». ***(Бартольд,1991:169).***

Энесай аймагында жашаган кыргыз уруулары монгол эзүүсүнө кабылып, оор кыйынчылыктарга дуушар болгон, ар кайсыл хандар тарабынан туш тарапка куулган. «Азыркы Монголиянын батышындагы Хангай тоолорунда да кыргыздар жашаган. Ал жерде кыргыздардын атына коюлган «Кыргыз Көл» деген көлү бар. Мына ушул кыргыздар түрлүү себептер менен XIV кылымдан баштап

Хаңгай тоолорунан Памир, Тянь—Шанды көздөй көчө баштаган» (*Үсөйүн Ажы,1991:80)*. Өзбек, казак хандыктары курулуган маалда мында жашаган кыргыздар ар жакка көчүрүлүп, өз жеринен алыстаган. 1503—1504—ж.ж. Мансур Хан такка отургандан кийин кыргыздар Карашаар, Турфанды карай көчүрүлгөн. Мындагы шаарларга көчүп келген кыргыздардын көбү кырылган. Кийин аз сандагы кыргыз уруулары Монголистанга кайтып келген. 1526—1527—жылдары Тахир Хан кыргыздарды Ат—Башыга кайра көчүргөн.

Ушундай оор сыноолордон кийин кыргыздар орустар тарабынан кысымга алынып, жер которууга мажбур болгон. Бул жөнүндө **И. Е. Фишер:** "Кыргыздар Энесайдан Теңир—Тоого XVII кылымдын акырында Россия менен келишимдин негизинде Жуңгурлар тарабынан көчүрүлүп келинген " —дейт ***(Худяков,1995:178)***.

## КОРУТУНДУ

Кыргыз урууларь гунн, көк түрк, уйгур, кидан, монгол, орус бийликтери тарабынан түрдүү себептерге байланыштуу ар кандай аймактарга жайгаштырылган. Маселен, кыргыздар б.з.ч. 209—208—ж. Энесай аймагынан көчүрүлөт. Бул көч кылымдар бою уланып, кийин көпчүлүк кыргыз урууларь түрктөр тарабынан батышка куулган. Натыйжада, кыргыз урууларь бир эле аймакка эмес, үч—төрт ар башка жерге жайгаштырылып, кубаттуу күч топтоого жарабай калган. Мунун өзү Энесайда жашаган кыргыздар үчүн жасалма тоскоолдук болгон, алардын өзүнчө мамлекет түптөп, эркиндик үчүн күрөшүү аракетин чектеген. Бирок кыргыз урууларь өздөрүн багындырган эл-журттардын алсырашынан пайдаланып, Кыргыз каганатын курган. Тилекке каршы, бул каганат узак өмүр сүрө алган эмес. Мекендеген аймагы батышка кетчү жол тоомунда болгондуктан кыргыздар отурукташкан жеринен көчүүгө мажбурланган.

Ушундай эле зордук-зомбулук менен кыргыздар кидан, андан соң монголдор тарабынан Энесай аймагынан кубаланган. Жапаа тарткан кыргыз урууларь Теңир—Тоо, Ала—Тоо жана Ысык—Көл аймагында жыш жайгашып, бул аймакта абдан зор саясий күчкө айлана алган. Теңир—Тоо кучагында бөлөк мамлекеттер үчүн коркунуч туудурган себептүү кыргыздар кээде түндүк Кытайга, кээде Түштүк Монголияга, андан соң азыркы Өзбекстандын территориясына сүрүлгөн, кийин кыргыздар чыгыштан батышка сүрүлгөн. Адегенде кыргыздардын ата мекени Энесай аймагы

болсо, кийин алар Теңир—Тоо аймагында жыйналып, бул жерге башка кыргыз уруулары менен кошо Жети—Суу чөлкөмү деп аталган бүгүнкү территориясын мекендеп калган. Ошентсе да менен эч качан Энесай кыргыздары менен Теңир—Тоо кыргыздарынын ортосундагы байланышы үзүлгөн эмес. Тарыхый мезгилдин ар кайсыл баскычында эки тарапка көчүүлөр болуп турган. Монгол жапырыгынан кийин монгол тилдүү элдер Энесай аймагында көртүк кыла баштаган соң кээ бир кыргыз уруулары өз каалоосу менен батышка көчүп кетишкен.

Түрктөрдүн кыргыздарды Энесай аймагынан сүрүп чыгарышы жалпы түрк тарыхы үчүн зор жоготуу болгон. Кыргыздар түрктөрдү, түрктөр кыргыздарды алсыратыпсалышынын кесепетинен Энесай монгол империясынын карамагына өтүп тынган.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

АЛМАС Т., (1995), **«Уйгурлар»** (Кот.: С.Саспаев), Кыргыздар, Т. III, Бишкек.

АМАНЖОЛОВ С., (1997), **□аза□ жерінде бол□ан елдер, халы□тар,** Алматы.

АТТОКУРОВ С., (1997), **Кыргыз этнографиясы**, Бишкек.

АТТОКУРОВ С., (1995), **Кыргыз санжырасы**, Бишкек.

БАЙТУР А., (1993), **«Тянь-Шань кыргыздары: Тянь-Шандагы адепки кыргыз уруулары»**, Кыргыздар, Т. I, Бишкек.

БАЙТУР А., (1992), **Кыргыз тарыхынын лекциялары**, Т. I, Бишкек.

БАРТОЛЬД В. В., (1991), **«Кыргыздар: эң байыркы маалыматтар»** (Кот.: Д. Сулайманкулов), Кыргыздар, Т. II, Бишкек.

КАБЫШУЛЫ И., (1997), **Казак кауымы**, Алматы.

КЫЧАНОВ Е., БЕЙШЕНАЛИЕВ Т., (1991), **«Юуань-Мин доорундагы кыргыздар»** (XIII—XV к.к.), Кыргыздар, Т. I, Бишкек.

□□ДАЙБЕРДИ□ЛЫ Ш., (1991), **Түрік, кыр□ыз-каза□ □□м хандар шежересі,** Алматы.

КОЖОБЕКОВ М. Ч., (1996), **«Алгачкы орто кылымдар**

**мезгилиндеги кыргыздардын этно–саясий тарыхынын маселелери»**// Кыргыз. Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии, Бишкек.

МАЛАБАЕВ Ж. М., (1999), **Кыргыз мамлекетинин тарыхы**, Бишкек.

МАТИКЕЕВ К., (1995), **«Шынжандагы кыргыздар»** (Түз.: К.Жусупов)//Кыргыздар, Т. III, Бишкек.

МЫҢЖАН Н., (1994), **□аза□тын кыс□аша тарихы**, Алмата.

ЗАКИРОВ С., (1996), **«Кыргыз санжырасы»**, Бишкек.

ЧОРОТЕГИН Т., ӨМҮРБЕКТЕГИН Т, (1995), **«Хунну доорундагы бабаларыбыз»,** Кыргыздар, Т. III, Бишкек.

САЛ□АРА□ЛЫ □., (1999), **Түріктер, жыужендар**, Алматы.

САЛ□АРА□ЛЫ □., (1998), **Таным тарма□тары**, Алматы.

СОЛТОНОЕВ Б., (1993), **Кызыл кыргыз тарыхы**, Т. I, Бишкек.

ТОГОЛОК МОЛДО., (1991), **«Тарых. Түпкү аталар»** (түз. К. Ботояров), Кыргыздар, Т. II, Бишкек.

ХУДЯКОВ Ю., (1995), **«Кыргыздар талаш–тартыш чордонунда»** (Кот.: Э.Кылычев), Кыргыздар, Т. III, Бишкек.

ХУДЯКОВ Ю., (1995), **«Тоолуу Алтайдагы кыргыздар».** (Кот.: А. Кылычев), Кыргыздар, Т. III, Бишкек.

ХУДЯКОВ Ю., (1993), **«Кыргыз маданиятынын теги».** (Кот.: Э. Нурушев), Кыргыздар, Т. I, Бишкек.

ҮСӨЙҮН–АЖЫ., (1991), **«Кыргыз санжырасы».** (Көч. А. Карасартов), Кыргыздар, Т. II, Бишкек.